Иш № АД-603/21абс5

түп нуска

# А Н Ы К Т А М А

2021-жыл 20-апрель

Бишкек шаары

**Бишкек шаарынын Административдик сотунун судьясы Эшалиев А.М.,** Арзыбаев Нурбек Куттузовичдин Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын №46 токтомунда көрсөтүлгөн аракеттерин (аракетсиздигин) мыйзамсыз деп табууну, 4 мандаттуу №7 "Кулунду-Борбордук" шайлоо округунда шайлоочулардын санына жараша бектилип берилбей калган 1 манданты кайра бөлүштүрүү аркылуу жалпы санын 5 (беш) мандат кылып бекитүүнү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясына милдеттендирүү жөнүндөгү арызы менен таанышып чыгып,

**т а п т ы :**

Арзыбаев Нурбек Куттузович Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын №46 токтомунда көрсөтүлгөн аракеттерин (аракетсиздигин) мыйзамсыз деп табууну, 4 мандаттуу №7 "Кулунду-Борбордук" шайлоо округунда шайлоочулардын санына жараша бектилип берилбей калган 1 манданты кайра бөлүштүрүү аркылуу жалпы санын 5 (беш) мандат кылып бекитүүнү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясына милдеттендирүү жөнүндөгү арызы менен Бишкек шаарынын административдик сотуна кайрылган.

Сот арыз жана ага тиркелген иш материалдары менен таанышып төмөнкү жагдайлар менен кабыл алуудан баш тартылат деп эсептейт.

Кыргыз Республикасынын Административдик процесстик кодексинин 201-беренесинин 1,2 болуктордун талаптарына ылайык, мамлекеттик бийлик органынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, коммерциялык эмес уюмдун, шайлоо комиссиясынын, алардын кызмат адамдарынын чечими, аракети (аракетсиздиги) менен шайлоо процессинин субъекттеринин шайлоо укуктары бузулуп жатат деп эсептеген жаран же шайлоо процессинин башка субъекти (шайлоочу, талапкер, саясий партия, алардын шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары, коммерциялык эмес уюм, байкоочулар) жоопкер турган жер боюнча биринчи инстанциядагы сотко арыз менен кайрылууга укуктуу. Добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо жөнүндө шайлоо комиссияларынын чечимдерине арыз менен талапкерлер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар, шайлоо комиссияларындагы алардын өкүлдөрү жана байкоочулар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкерлерди көрсөткөн депутаттар же фракциялар, ошондой эле бул кызмат ордуна талапкерлер кайрыла алат.

Аталган кодекстин 201 - беренесинин 4- бөлугүндө сотко арыз өзүнүн шайлоо укуктары бузулгандыгы жөнүндө арыз ээсине белгилүү болгон чечим кабыл алынган аракет (аракетсиздик) жасалган учурдан тартып тез арада, бирок үч календарлык күндөн кечиктирбестен берилет деп көрсөтулгөн.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» 2011-жылдын 14-июлунда чыгарылган Мыйзамынын 43-беренесинин 1, 3 бөлуктөрунө ылайык, добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын белгилөө жөнүндө шайлоо комиссияларынын чечимдерине арыздар (даттануулар) менен

талапкерлер, талапкерлерди көрсөткөн саясий партия, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар кайрыла алат. Арыздар (даттануулар) добуш берүүнүн жыйынтыгы белгиленген же шайлоонун натыйжалары аныкталган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде берилет.

Берилген материалдарга карата, арызда көрсөтүлгөн № 46 сандуу токтому 2021-жылдын 19-февралында чыгарылган, ал эми арыз сотко 2021-жылдын 19-апрелинде берилген. Доогер сотко берилген арызы менен мыйзамда көрсөтүлгөн үч күндүк мөөнөтү аяктагандан кийин кайрылгандыгын сот белгилейт.

Кыргыз Республикасынын Административдик- процесстик кодексинин 201-беренесинин 7-болугунун талаптарына ылайык, арыздарды (даттанууларды) берүү мөөнөттөрү калыбына келтирилүүгө жатпайт. Көрсөтүлгөн мөөнөттөр аяктагандан кийин арыздар (даттануулар) кабыл алынбайт.

Жогорудагылардын негизинде жана Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 191-192-беренелерин жетекчилике алып, сот

**а н ы к т а д ы :**

Арзыбаев Нурбек Куттузовичдин Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын №46 токтомунда көрсөтүлгөн аракеттерин (аракетсиздигин) мыйзамсыз деп табуу жана 4 мандаттуу №7 "Кулунду-Борбордук" шайлоо округунда шайлоочулардын санына жараша бектилип берилбей калган 1 манданты кайра бөлүштүрүү аркылуу жалпы санын 5 (беш) мандат кылып бекитүүнү Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясына милдеттендирүү жөнүндөгү арызы - кабыл алуудан баш тартылсын.

Аныктама чыгарылган учурдан тартып мыйзамдуу күчүнө кирет жана үч календардык күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кассациялык тартипте даттанылышы мүмкүн.

**Судья** **А. Эшалиев**